# ПАКЕМДИН КУЧАГЫ

Апамдын ак сүтүн ээмп торолгонмун,
Апамдын кучагында чоңойгонмун.
"Апа" деп эң алгачкы тилим чыгып,
"Апа" деп түнү ыйлап ойгонгонмун.

Кайырма.

Ак буурул чачың желбиреп,
Алтыным апам келди деп.
Канчалык бакыт тапмакмын,
Алдыңдан тоссом эркелеп.

Канча ирет санаа менен таңдар атып,
Билгизбей көз жашыңды улам аарчып.
Багымды тилеп канча жаттың экен,
Кабагың бирде бүркөө, бирде жаркып.

Кайырма:

Апаке, кыйналганда түшүмдөсүң,
Сүйлөсөм тил учунда, сөзүмдөсүң.
Сиз баскан жолду улап жашап келем,
Анткени, мен өзүңдүн көчүрмөңмүн.

Кайырма.

1.08.2025

С. Мамытова